грамматикалык эмгектерде таңгыч өз алдынча тилдик категория катары каралбастан, башка грамматикалык түзүмдөрдүн курамында каралып келген.

Бирок таңгыч – бул көп кырдуу лингвистикалык кубулуш. Ал реалдуу чындыктагы предметтердин, кубулуштардын, кыймыл-аракеттердин жоктугун билдирип, логика-философиялык негизге ээ. Ошондуктан аны этиштин терс формасынын чегинен сырткары функционалдык-семантикалык жактан кеңири изилдөө зарыл. Таңгычтын табиятын, лингвистикалык статусун, тилдин ар кайсы деңгээлдериндеги (морфология, синтаксис, лексика) кызматын, ошондой эле анын башка тилдердеги өзгөчөлүктөрү менен салыштырып изилдөө кыргыз тил илиминин алдында турган маанилүү милдеттердин бири болуп эсептелет. Таңгычтын табияты жана маңызы, тануу чагылдырган каражаттардын функционалдык-семантикалык белгилери атайын изилдөөнү талап кылган маселелерден болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин морфологиясы : окуу китеби / И. Абдувалиев. – Бишкек, 2008. – 284 б.
2. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка. Вып. II. Имена / И. А. Батманов. – Фрунзе : Киргизгосиздат, 1940. – 289 с.
3. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили. Морфология / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе : Илим, 1980.
4. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы / ред. С. Кудайбергенов [ж. б.]. – Фрунзе : Илим, 1980. – 538 б.
5. Кыргыз тилинин грамматикасы. Морфология / ред.: Б. Орузбаева, С. Кудайбергенов. – Фрунзе : Кыргыз мамлекеттик окуу-педагогика басмасы, 1964. – 379 б.
6. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат-ат түрк» сөздөгүндөгү макал-лакаптар / түз.: М. Толубаев, С. Каратаева. – Бишкек, 2010. – 66 б.
7. Тыныстан уулу, К. Эне тилибиз / Касым Тыныстан уулу. – Фрунзе : Кыргызстан мамлекет басмасы, 1928.
8. Элчиев, Ж. Сүйлөмдөгү эскерүү, эскертүү жана эстетүү маанилеринин берилүү өзгөчөлүктөрү / Ж. Элчиев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2014. – № 2. – С. 254–259.
9. Бабатүрк, Л. С. Историческое развитие форм прошедшего времени глагола в турецком языке / Л. С. Бабатүрк // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – № 7. – С. 288–290.
10. Султанова, А. А. Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилеринин иликтениш маселелери / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – № 3. – С. 276–280.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Халилова Т.Т.

УДК 81' 244:61
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-137-143

Көлбаева Г.И.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Көлбаева Г.И.
Ошский Государственный Педагогический университет
Kolbaeva G.I.
Osh State Pedagogical university

ORCID 0009-0006-5070-2651

МЕДИЦИНАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕГИ ОРДУ
РОЛЬ МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ В ГОСУДАРСТВЕННОМ ЯЗЫКЕ
THE ROLE OF MEDICAL TERMS IN THE OFFICIAL LANGUAGE

Кыскача мүнөздөмө: Кыргыз тили — кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын формасы жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Мамлекеттик тил өлкөдөгү мекеме-ишканаларда, уюмдарда, билим берүүдө, маданиятта, массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекеттик башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда, транспортто, соода-сатыкта, саламаттыкты сактоо жана тейлөө тармактарында колдонулат. Ошондой эле мамлекеттик тил өлкөдөгү улуттардын ортосундагы байланыштын жана пикир алышуунун куралы болуп саналат. Макалада медициналык терминдердин мамлекеттик тилдеги орду, алардын окумуштуулардын эмгектеринин негизинде кыргыз тилине которулушу жана колдонулушу каралат. Учурда медициналык терминдер адистердин илимий жана практикалык ишмердүүлүгүндө маанилүү маалымат булагы болуп саналат. Ар бир адам өзүнүн ден соолугун сактоого, коргоого жана ооруп калган учурда айыгууга умтулат. Адамдар көп жылдык тарыхында ооруларды дарылоо жана алдын алуу, алардын пайда болуу себептерин аныктоо, ден соолукту сактоо жана коргоо боюнча көптөгөн тажрыйбага жана билимге ээ болушкан. Медициналык терминдердин колдонулушу мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жана сөз байлыгынын кеңейишине да өбөлгө түзөт. Медицина тармагында мамлекеттик тилди колдонуу жана өнүктүрүү боюнча республикада тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлүп келет. Азыркы учурда жогорку медициналык билим берүүдө адистерди жана дарыгерлерди даярдоодо мамлекеттик тилди кеңири колдонуу маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Медицина боюнча кыргыз тилинде жарык көргөн окуу куралдары жана илимий изилдөөлөр дагы эле жетишсиз. Бул багытты өнүктүрүү үчүн өлкөдө тиешелүү социалдык жана экономикалык шарттардын болушу да маанилүү. Ошондой эле азыркы талаптарга ылайык келген, жөнөкөй жана түшүнүктүү медициналык терминдердин жыйнактарын иштеп чыгып, аларды медицина кызматкерлеринин арасында кеңири жайылтуу зарыл. Кыргыз тилинде медициналык терминология боюнча эмгектердин жана илимий изилдөөлөрдүн жарык көрүшү мамлекеттик тилдин медицина тармагында өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Аннотация: Кыргызский язык является национальным языком кыргызского народа, формой его национальной культуры и государственным языком Кыргызской Республики. Государственный язык используется в учреждениях и организациях страны, в сфере образования, культуры, средствах массовой информации, сетях связи, науке, органах государственного управления, общественных организациях, на транспорте, в торговле, здравоохранении и сфере обслуживания. Государственный язык также является средством общения между представителями разных национальностей, проживающих в стране. В статье рассматриваются роль медицинских терминов в государственном языке, вопросы их перевода на кыргызский язык и использования на основе трудов ученых. В настоящее время медицинские термины являются важным источником информации для специалистов в научной и практической деятельности. Каждый человек стремится сохранять и защищать свое здоровье, а в случае заболевания — выздороветь. За многолетнюю историю человечеством накоплены значительный опыт и знания в области лечения и профилактики заболеваний, определения причин их возникновения, сохранения и охраны здоровья. Использование медицинских терминов также способствует развитию государственного языка и обогащению его словарного состава. В республике проводится соответствующая работа по использованию и развитию государственного языка в сфере медицины. В настоящее время широкое применение государственного языка при подготовке специалистов и врачей в системе высшего медицинского образования является одним из важных вопросов. Учебных пособий и научных исследований по медицине, изданных на кыргызском языке, пока недостаточно. Для развития данного направления важное значение имеет также наличие соответствующих социальных и экономических условий в стране. Необходимо разрабатывать отвечающие современным требованиям, простые и понятные сборники медицинских терминов и широко распространять их среди медицинских работников. Публикация трудов и научных

исследований по медицинской терминологии на кыргызском языке способствует развитию государственного языка в сфере медицины.

Abstract: The Kyrgyz language is the national language of the Kyrgyz people, a form of their national culture, and the state language of the Kyrgyz Republic. The state language is used in institutions and organizations throughout the country, as well as in education, culture, mass media, communication networks, science, public administration, public organizations, transport, trade, healthcare, and the service sector. It also serves as a means of communication among representatives of different nationalities living in the country. Based on the works of scholars, the article examines the role of medical terms in the state language, as well as issues related to their translation into Kyrgyz and their use. At present, medical terms are an important source of information for specialists in scientific and practical activities. Every person strives to preserve and protect their health and to recover in case of illness. Over its long history, humanity has accumulated considerable experience and knowledge in the treatment and prevention of diseases, the identification of their causes, and the preservation and protection of health. The use of medical terms also contributes to the development of the state language and the enrichment of its vocabulary. Relevant work is being carried out in the republic to promote the use and development of the state language in the field of medicine. At present, the wider use of the state language in training specialists and physicians in higher medical education is an important issue. There is still an insufficient number of textbooks and scientific studies on medicine published in Kyrgyz. Appropriate social and economic conditions in the country are also important for the development of this field. It is necessary to develop simple and clear collections of medical terms that meet modern requirements and to make them widely available to healthcare professionals. The publication of works and scientific research on medical terminology in Kyrgyz contributes to the development of the state language in the field of medicine.

Негизги сөздөр: медицина; терминология; ден соолук; анатомия; гигиена.
Ключевые слова: медицина; терминология; здоровье; анатомия; гигиена.
Keywords: medicine; terminology; health; anatomy; hygiene.

Киришүү. Кыргыз тили — Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили. Кыргыз тили кыргыз мамлекетинин жана кыргыз элинин улуттук тили болуп саналат. Улуттун негизги белгиси — анын тили. Кылымдарды карыткан, мамлекет куруп жашап келе жатканына бир нече миң жыл болгон байыркы кыргыз элинин тили дүйнөдөгү бай тилдердин бири экендиги талашсыз. Кыргыз тили түрк тилдеринин эң байыркыларынан экени баарыбызга маалым. Ойчул, тил билерманы Махмуд Кашгари кыргыз тилин нукура, таза түрк тилдеринин бири катары баалаган. Чыгаан түрколог В. В. Радлов: «Кыргыздардын сүйлөгөнү ыргактуу. Алар сөзгө чечен, чукугандай сөз тапкыч болушат», — дейт. Ушундай тилди ийине жеткире колдонгон анын өкүлдөрүнүн чечендик өнөрүн белгилейт. Чындыгында эле, кыргыз тили — кыргыз элинин асыл байлыгы экендиги шексиз. Андыктан тил аркылуу адамзат өзүн курчап турган дүйнөнү тааныйт, коомдук-тарыхый тажрыйбаны өздөштүрөт, илимий-чыгармачылык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат.

Тилдин өз алдынча мааниге ээ болгон эң кичине бирдиги — сөз. Тил — бул коомдук кубулуш. Коом өнүккөн сайын тил да өнүгөт. «Мамлекеттик тил — мамлекеттүүлүктөн башталат» дегендей, коомдун өнүгүшү тилдин өнүгүшүнө да таасирин тийгизет. Өзүнүн жашоо-турмушунда кыргыз эли ар кандай улуттардын өкүлдөрү менен экономикалык, маданий байланыштарды түзүп келген. Натыйжада ал тилдердеги кээ бир сөздөр биздин лексикабыздан орун алган.

Ошентип, коомдогу илим менен техниканын, маданияттын өнүгүшү, элибиздин башка өлкөлөр менен саясий-экономикалык байланыш түзүшү лексикабыздын баюусуна мүмкүнчүлүк жаратып, тилибизде жаңы маанидеги сөздөрдүн пайда болушуна шарт түзөт. Кыргыз лексикасы ички жана сырткы булактардын эсебинен байыйт. Лексикабыз ички булактардын эсебинен байыганда жаңы маанидеги сөздөр пайда болот. Ал эми сырткы булактардын эсебинен баюу эки жол менен жүрөт: 1) башка тилдердеги даяр сөздөрдү кабыл алуу; 2) калька жолу менен (сөзмө-сөз которуу) кабыл алуу [1, 25-б.].

Кыргыз тилинин лексикасында терминдер белгилүү орунду ээлейт. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө: «Термин — илимдин, техниканын, искусствонун же айрым бир кесипчиликтин тармагындагы белгилүү түшүнүктүн аты болуп эсептелген сөз же сөз айкашы», — деген аныктама берилет. Ал эми терминдердин жыйындысы терминология деп аталат. Термин латынча terminus — «чек» деген маанини берип, илимдеги түшүнүктөрдүн паспорту катары каралат. Тигил же бул түшүнүк канчалык так, кыска берилип, тигил же бул сөздүн жардамы менен өзүнүн атоосун тапса, аны түшүндүрүүгө да, экинчи түшүнүктөн айырмалоого да жеңилдик туулат. Терминдин бул касиети илим үчүн, анын эрежелерин, мыйзамдарын, аныктамаларын бири-биринен айырмалап атоодо өтө зарыл [1, 3-б.].

Жазма адабий тилди (б. а. эне тилди, мамлекеттик тилди) калыптандырууда, аны көп кырдуу, жандуу катнаш куралына айландырууда терминологиянын ролу абдан маанилүү. Терминология илимий тилдин негизги курамдык бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Анын системаларын эне тилдин ички грамматикалык мыйзам ченемдерине ылайык жыйноо, системалаштыруу, колдонмо маалыматтык куралдарга айландыруу, унификациялоо жана терминология теориясынын маселелерин изилдөө адабий тилдин өнүгүшүндө маанилүү орунду ээлейт.

Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары. Кыргыз терминологиясына тиешелүү басмадан жарык көргөн сөздүктөрдөгү материалдарды талдоодо азыркы табигый-техникалык (маселен, химия, биология, медицина, техника, геология, астрономия ж.б.) илимдердин терминологиясынын 60–70 %ын эл аралык номенклатура жана даяр терминдер түзөрү байкалат. Маселен, «Медицина терминдеринин орусча-кыргызча сөздүгүн» алып көрөлү (түзүүчүлөрү М. Алиев жана Т. Тыналиев, Фрунзе, 1964). Бул сөздүктө медицинага тиешелүү терминдердин кыйласына орун берилген. Бирок ал медицинанын төмөндөгү курамдык тармактарына тиешелүү терминдерди канчалык өлчөмдө жана тең салмакта камтый алган деген суроого жооп берүү үчүн медицинанын негизги бөлүмдөрүн карап көрөлү: медициналык морфологиянын тармактары — анатомия, гистология, цитология; физиология; патология — патологиялык анатомия, патологиялык физиология жана алар менен чектеш биохимия, аллергология; фармакология жана токсикология; микробиология, бактериология жана вирусология; паразитология жана гельминтология; медициналык генетика; клиникалык дисциплиналар, анын ичинде ички оорулар же терапия; кардиология, ревматология, пульмонология, неврология, гастроэнтерология, геронтология; фтизиатрия, педиатрия, дерматология, венерология; курортология, физиотерапия жана дарылоо физкультурасы; медициналык радиология жана рентгенология; стоматология; акушерство жана гинекология; хирургия жана анын бөлүмдөрү; травматология жана ортопедия; анестезиология жана реаниматология; онкология; урология; оториноларингология; офтальмология ж.б. [1, 96–97-бб.].

Медицинанын саналган бөлүмдөрүнүн ар бири азыркы мезгилде илимий-теориялык жана тажрыйбалык жактан терең иштелип чыккан дисциплиналар болуп саналат. Алардын ар бири боюнча ондогон окуу куралдары, изилдөөлөр бар. Ошондой эле аларга тиешелүү аппаратуралар жана жабдуулар, дары-дармектердин аттары, дарылоо ыкмаларынын атоолору, илдеттердин жана оорулардын аттары, анын ичинде алардын номенклатуралык, б. а. көбүнчө латынча аталыштары белгилүү.

Демек, мындай шартта бул көп тармактуу илимдеги түшүнүктөрдү бир терминологиялык системага бириктирүүгө илимий негиз да, тажрыйбалык зарылчылык да жок.

Медицина илимдеринин терминологиялык системаларын улуттук тилде (б. а. кыргыз тилинде) түзүү керек болсо, анда, мисалы, дары-дармектердин, оорулардын аттарын жана медициналык орто окуу жайларында өтүлүүчү предметтердин программалык көлөмүнүн чегиндеги терминдерди, ошондой эле медициналык популярдуу макалаларда кездешүүчү гигиена жана санитарияга, медицинанын тигил же бул тармактарындагы түшүнүктөрдүн атоолоруна тиешелүү терминдерди камтыган сөздүктөрдү түзүү максатка ылайык келмекчи [4, 35-б.].

Мындан тышкары, бул багытта бир нече сөздүк түзүлүп, аларга медицинанын негизги тармактарына тиешелүү терминдер улуттук тилдин муктаждыгына ылайык тандалып алынып, тематикалык топторго бөлүнүп жайгаштырылышы ыңгайлуу.

Саламаттыкты сактоо республикадагы эң чоң тармактардын бири болуп эсептелет. Калкты камтуу жагынан билим берүүдөн кийинки эле чоң тармак медицина экендигин жана курагына карабай ар бир жаран саламаттыгын сактоого кам көрөрүн эске алганда, медициналык сабаттуулукту жогорулатууга бардык мезгилде чоң маани берилип келген десек жаңылышпайбыз. Андыктан адамзаттын илимий жана практикалык ишинде медицина көрүнүктүү орунду ээлейт. Ар бир адам өзүнүн ден соолугун сактоого, коргоого жана ооруп калган учурда айыгууга умтулат.

Медицина өзүнүн көп жылдык тарыхында бараандуу жетишкендиктерге жетишти. Азыркы мезгилде диагностикалык, профилактикалык жана дарылоо каражаттарынын жардамы менен адам өмүрү сакталып, мурда айыкпас деп эсептелген ооруларды дарылоого мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. Бирок али да болсо медицина түпкү максатына жете элек. Медицинанын өнүгүү деңгээли, мазмуну жана абалы турмуштун материалдык шарттарына, коомдук түзүлүшкө, маданияттын жалпы деңгээлине жараша болот. Медицина өзүнүн өнүгүшүндө биология, физика, химия илимдери менен тыгыз байланышта. Ал өзүнүн басып өткөн көп жылдык тарыхында ооруларды дарылоо жана алдын алуу, алардын пайда болуу себептерин аныктоо, ден соолукту сактоо жана коргоо боюнча көптөгөн тажрыйбага жана билимге ээ болду. Бекеринен элибизде «Биринчи байлык — ден соолук» деп айтылбаса керек.

Учурда медициналык тейлөөдө мамлекеттик мекемелер менен катар жеке дарылоо жайларынын, дарыканалардын жана андагы дары-дармектердин түрлөрүнүн көбөйүшү атаандаштыкка кеңири жол ачууда. Мындай шартта карапайым калктын саламаттык боюнча сабаттуулугун жогорулатуу олуттуу милдеттердин бири экендиги талашсыз. Технологиялар канчалык өнүксө да, адам баласынын али ачыла элек сырлары абдан көп [6, 5-б.].

Кыргыз тилин өнүктүрүү саясатын саламаттыкты сактоо тармагында да колдоо жана өнүктүрүү боюнча бир топ аракеттер көрүлүп жатканы маалым. Медициналык терминология жана медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу, аларды колдонуу маселелери бир катар изилдөөчүлөрдүн илимий макалаларында каралган. Ошондой эле медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу боюнча адистер тарабынан алгылыктуу иштер жүргүзүлүп келет.

Медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу тарыхы белгилүү окумуштуулар А. К. Шаршенбаев жана С. Ж. Боробаева тарабынан кеңири изилденген. Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча орус тилиндеги медициналык терминдердин изилдениш тарыхы XVI–XVII кылымдарга туура келет. Советтик мезгилге чейин эле медициналык терминдердин сөздүктөрү жарык көрүп келген, ал эми совет мезгилинде бул терминдердин илимий маңызына терең көңүл бурула баштаган. Түрк тилиндеги ооруга байланыштуу сөздөрдүн изилдениши өткөн кылымдын 40–50-жылдарына туура келет. Түрк тилдериндеги медициналык терминдерди иштеп чыгуу негизинен лексикографиялык иштерди жүргүзүүнү камтыган.

Ал эми кыргыз тилинде медициналык терминдерди камтыган сөздүк 1964-жылы И. К. Ахунбаев тарабынан жарык көргөн. Бул сөздүктө И. К. Ахунбаев бир катар жаңы сөздөрдү изилдеп, алардын кыргыз тилиндеги котормолорун берген. Изилдөөчү И. К. Ахунбаев кыргыз тилиндеги медициналык терминдерди түзүүдө эл аралык медициналык терминдерди колдонгон. Сөздүктө анатомиялык-физиологиялык терминдер камтылган. Негизинен, сөздүк медициналык терминдердин орус жана кыргыз тилдериндеги котормолорунан турат [6, 45-б.].

Медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу оңой эместигин моюнга алышыбыз керек. Ушул күнгө чейин медициналык аталыштардын (терминдердин) жана айрым сөздөрдүн кыргыз тилиндеги аталышы жана кыргыз тилине которулушу боюнча медицина кызматкерлеринин арасында, ошондой эле жалпы калк ичинде ар кандай ой-пикирлер айтылып келет.

Кыргыз тилиндеги медициналык терминдерди камтыган дагы бир көлөмдүү эмгек — 1991-жылы М. Б. Борбугуловдун жетекчилиги астында жарык көргөн «Ден соолук» медициналык энциклопедиясы

[3]. Бул энциклопедияда кыргыз тилиндеги дартка байланыштуу сөздөргө кыскача түшүндүрмөлөр берилген. Айрым кесипкөй дарыгерлер тарабынан кыргызча-орусча сөздүктөр иштелип чыгып, жарык көргөн. Окумуштуулар тарабынан даярдалып, жарык көргөн медициналык сөздүктөр кыргыз тилинин лексикасын байытууга өз салымын кошуп келет [2].

Медицина — адамдын саламаттыгын сактоо жана чыңдоо максатында соо жана оорулуу адамдын организминде жүрүп жаткан процесстерди изилдөөгө, оорулардын алдын алууга жана аларды дарылоого багытталган илимий жана практикалык иштердин тармагы. Адамзаттын илимий жана практикалык ишинде медицина маанилүү орунду ээлейт. Ал өзүнүн көп жылдык тарыхында ооруларды дарылоо жана алдын алуу, алардын пайда болуу себептерин аныктоо, ден соолукту сактоо жана коргоо боюнча көптөгөн тажрыйбага жана билимге ээ болду. Медицинанын өнүгүү деңгээли, мазмуну жана абалы турмуштун материалдык шарттарына, коомдук түзүлүшкө жана маданияттын жалпы деңгээлине жараша болот. Ошондой эле медицина биология, физика жана химия илимдери менен тыгыз байланышта өнүгөт. Азыркы учурда диагностикалык, профилактикалык жана дарылоо каражаттарынын өнүгүшү адам өмүрүн сактап калууга жана мурда айыкпас деп эсептелген ооруларды дарылоого кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Ошол эле учурда медицинанын алдында адамдын ден соолугун сактоо жана оорулардын алдын алуу боюнча дагы көптөгөн милдеттер турат.

Корутунду. Медицинада көп кездешүүчү сөздөрдү, аталыштарды (терминдерди) кыргыз тилине которуу оңой эместиги чындык. Ушул күнгө чейин медициналык терминдердин жана айрым сөздөрдүн кыргыз тилиндеги аталышы, алардын кыргыз тилине которулушу боюнча медицина адистеринин жана жалпы калктын арасында ар кандай ой-пикирлер айтылып келет. Бүгүнкү күндө медициналык терминдерди кыргыз тилинде колдонуу жана которуу, аларды калк арасында кеңири жайылтуу, келечектеги медицина адистерин — дарыгерлерди жана орто медициналык билимдүү кызматкерлерди кыргыз тилинде окутуп, даярдоо учурдун маанилүү маселелеринин бири болуп саналат.

Медицина тармагында мамлекеттик тилди колдонуу жана өнүктүрүү боюнча республиканын жер-жерлеринде тиешелүү иш-чаралар өткөрүлүп келет. Бул багыттагы негизги максаттардын бири — медициналык терминдерди кыргыз тилине которуу, аларды туура колдонуу жана медицина кызматкерлеринин арасында жайылтуу.

Ар бир адам өзүнүн саламаттыгын сактоого жана ден соолугун чыңдоого кам көрүүгө тийиш. Медициналык терминдер күнүмдүк турмушта, адамдардын өз ара баарлашуусунда, адабий тилде жана саламаттыкты сактоо тармагында кеңири колдонулат. Ошондуктан алардын маанисинин так жана жалпыга түшүнүктүү болушу маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, медициналык терминдер илимий изилдөөлөрдө, медицинада жана күнүмдүк турмушта колдонулуп, дарыгерлер, окумуштуулар жана башка медицина кызматкерлери үчүн гана эмес, котормочулар, журналисттер жана жалпы калк үчүн да маанилүү. Медицинанын өнүгүшү менен бирге жаңы терминдер тынымсыз пайда болуп тургандыктан, аларды туура колдонуу, кыргыз тилине так которуу жана калктын калың катмарына түшүнүктүү кылып жеткирүү зарыл. Ошону менен бирге медициналык терминдерди мамлекеттик тилде колдонуу жана өркүндөтүү, аларды коомчулукка кеңири жайылтуу мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Орузбаева, Б. Ө. Кыргыз терминологиясы / Б. Ө. Орузбаева. — Фрунзе : Мектеп, 1983. — 168 б.
2. Жээналиев, М. Медициналык сөздүк / М. Жээналиев. — Бишкек, 2011.
3. Ден соолук : медициналык энциклопедия / башкы ред. М. Б. Борбугулов ; башкы ред. мүчөлөрү: Ч. Т. Айтматов [ж. б.] ; ред. совет: А. Мурзалиев [ж. б.] ; Кыргыз ССР ИА. — Фрунзе : Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1991. — 456 б. — ISBN 5-89750-008-8.
4. Ахунбаев, И. К. Анатомиялык-физиологиялык терминдердин орусча-кыргызча кыскача сөздүгү / И. К. Ахунбаев. — Фрунзе, 1964. — 717 б.

5. Сайдакматова, Ч. Т. Офтальмология боюнча орусча-кыргызча сөздүк / Ч. Т. Сайдакматова, А. Н. Медведев. — Бишкек, 1994.
6. Гүнгөр, А. Кыргыз жана түрк тилиндеги ооруга байланыштуу тергөө сөздөр : филол. илим. канд. дис. автореф. : 10.02.01 / Ахмет Гүнгөр. — Бишкек, 2006. — 19 б.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Танаева Н. Ш.

УДК 37.022+811.512.154
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-143-149

Мадиярова К.К
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Мадиярова К.К
КНУ имени Жусупа Баласагына
Madiyarova K. K.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0005-3933-0968

КОЛЛЕДЖДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ЗАМАНБАП УСУЛДАРДЫ ЖАНА ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ КОЛДОНУУ
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СОВРЕМЕННЫХ МЕТОДОВ И ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В КОЛЛЕДЖЕ
THE USE OF MODERN METHODS AND ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE AT COLLEGE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада колледжде кыргыз тилин окутууда заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти колдонуу маселеси каралат. Сабакта интерактивдүү жана коммуникативдик ыкмаларды, мультимедиалык каражаттарды жана онлайн платформаларды колдонуу студенттердин тил үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырары белгиленет. Ошондой эле жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн окуу материалдарын даярдоодо, тапшырмаларды түзүүдө жана студенттердин билим деңгээлине жараша окутууда пайдаланууга көңүл бурулат. Мындан тышкары, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, окуу материалдарын жаңылоо жана колледждердин техникалык базасын жакшыртуу маселелери каралат. Кыргыз тилин окутууда студенттердин эркин сүйлөөсүнө, өз оюн туура билдирүүсүнө жана тилди келечектеги кесиптик ишинде колдоно билүүсүнө өзгөчө маани берилет. Заманбап ыкмаларды жана жасалма интеллектти туура колдонуу кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатууга жана студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырууга жардам берери белгиленет.

Аннотация: В статье рассматривается использование современных методов и искусственного интеллекта при обучении кыргызскому языку в колледже. Отмечается, что применение на занятиях интерактивных и коммуникативных методов, мультимедийных средств и онлайн-платформ способствует повышению интереса студентов к изучению языка. Особое внимание уделяется возможностям использования искусственного интеллекта при подготовке учебных материалов, составлении заданий и организации обучения с учётом уровня знаний студентов. Кроме того, рассматриваются вопросы повышения квалификации преподавателей, обновления учебных материалов и улучшения технической базы колледжей. При обучении кыргызскому языку особое значение придаётся развитию у студентов навыков свободной речи, умения правильно выражать свои мысли и использовать язык в будущей профессиональной деятельности. Отмечается, что правильное